Жактырылды
ЖАМУнун окумуштуулар
кеңеши
токтом №___9___
___23.05___2025-ж

Бекитем
ЖАМУнун ректору
К. Ж. Усенов
__________
___26.05___2025-ж

**“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий-билим берүү өндүрүштүк комплексинин 570400 Дизайн багытына (графикалык дизайн) тапшырган талапкерлердин кирүү сынактарын уюштуруу жана аларды студенттикке каттоо боюнча**
**ЖОБО**

1. Кирүү сынактары, жеңилдиктер

Кирүү сынактарын ректордун буйругу менен атайын түзүлгөн комиссия кабыл алат. Жалпы орто билим берүү программасынын негизинде кабыл алуу сынактары төмөндөгү сабактар боюнча жүргүзүлөт.

- Тандап алган академиялык сүрөттү тартуу боюнча сынак;
- Математика сабагынан (тестирлөө)
- Кыргыз же орус тили сабагынан (тестирлөө)

Республикалык тестирлөөгө катышып, баллы 110дон жогору балл алган талапкерлер кирүү сынактарынын тиешелүү сабактарынан бошотулуп, алар сүрөт тартуу сынагына катышат.

Талапкерлерди кабыл алуу жалпы экзамендик сынактын түрлөрүнөн көрсөткөн тапшыруу жыйынтыгы боюнча конкурстун негизинде жүргүзүлөт.

2. Кирүү сынактарын баалоо критерийлери

2.1. 570400 Дизайн багытына (графикалык дизайн) тапшырган талапкерлер тандап алган сүрөт боюнча профилдик сынак тапшырышат.

**Баалоо шкаласы:**

Сүрөт “2”,”3”,”4”,”5” баалоо системасы менен бааланат.

Минималдуу баа албаган абитуриент сынакка катыша албайт.

Кабыл алуу комиссиясынын
жооптуу катчысы Э.Н.Төлөнов